Сатыбалдиев М.
*Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзу*

# ООМАТ ОЙЛОР, СӨӨЛӨТ СӨЗДӨР ЭГЕСИ

Дарак улам бутактаган сайын бараандуу көрүнөт. Ошо сыңары, адам канчалык көптү билип, көптү көргөн сайын дүйнө таанымы артып, ой-өрүшү оболойт. Албетте, буга жетүү – абдан узак, татаал процесс. Муну мен өз турмуш-тажрыйбамдан улам жакшы билем. Себеби учурунда мен ошо билбегенимден, көрбөгөнүмдөн көбүрөөк запкы тарткам. Дарманды кемиткен дарттын кордук экендиги ырас. Бирок андан да өткөн кордуктун бар экенин билем. Адамдар коомуна аралашпай, чектелген дүйнөдө жашоо, жан-дүйнө жалгыздыгында жашоо – чыныгы кордук. Мен өзүмдүн ден соолугумдун кемдигине көнүүгө мажбур болсом да, ошо жан дүйнө жалгыздыгы деген нерсеге көнө албадым. Анын азабына, ичтен жеген кордугуна чыдаш кыйын экен. Ошо нерсе жашоо кызыкчылыгын бычак мизине тийген таштай мокотуп отуруп, акыры өлүм жөнүндөгү ойго алып барып такайт. Андан чыгып, кутулуп кетүүгө эч жылчык жоктой сезилет. Аргаң кетет, кочушуңдан куюлган кум сымал амалың түгөнөт. Жумуртканын ичинде жашагандай болосуң. Анан эмне кылмак элең, акыры азгырык ойго жеңилип, жетелеген жагына баса бересиң. Мен да ошол жолго түшүп, аз жерден ичээр суум түгөнө жаздаган. Балким, ошол учурда тагдыр мага ыба карап койгондур. Ооба, ошенткенине кийин ишенгем. Эми муну эмне үчүн дал ушул жерде айтып отурам? Жазмакчы болгон адам менен мунун кандай байланышы бар? Кабыргасынан коюлган бул суроодон буйтап өтүш кыйын. Неге дегенде, ал кишинин кыргыз адабиятына гана эмес, менин чыгармачылыгыма, турмушума тийгизген таасири абдан чоң. Кеп нугун алыстан баштаган жагдайым да ушундан. Ал киши – азыркы учурдагы филология илимдеринин доктору, Ардактуу профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Республикасына өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн персоналдык пенсионер, белгилүү акын Үсөнбек Асаналиев жөнүндө жетимишинчи жылдардын башында адеп уккам. Мезгилдүү басма сөз каражаттарына байма-бай чыккан ырларын, макал-лакаптарын, учкул сөздөрүн окуп калып жүрдүм. Ал кезде өзүм да колума калем алып, чакан макалаларды, кабарларды жаза коюп жүргөм. Андыктан колго тийип калган ар бир китеп, ар бир газета мен үчүн кымбат эле.

Ошентип, төрт дубал менен чектелген дүйнөдө жашоо мени ичи бош идишке окшотуп койгонун тана албайм. Муну толтуруу оңой-олтоң нерсе эмес экени белгилүү. Ошол «идиштин» дале бөксөлүгүн ушул күнгө чейин сезем. Андыктан кимдир бирөө менен кезигип, сүйлөшкөн күн – мен үчүн өзүнчө бир табылга, кубаныч. Ошол адамдан сезимиме азык кылып, жок дегенде жарым сөзүн алып калууга тырышам. Ал эми жазуучулар, акындар менен жолугушуу менин чыныгы майрамым эле. Анткени «тирүү» акынга, жазуучуга кезигүү менин колум жеткис жылдыздай сезиле турган. Буйрук экен, кийин көптөгөн белгилүү жазуучуларга жолугуп, алар менен бет маңдай отуруп маектешүүгө мүмкүн болду. Ал тургай, кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай белгилүү жазуучу Аман Саспаев агабыз айткандай, алардын көпчүлүгү менен «жүздөшкөн» учурларым да болду. Алар менен тыгыз аралашып, Жазуучулар союзуна өтүү бактысына туш болдум. Бул менин саамайыма куюлган кут сымал болгонун айтканым ашыкча болбос. Көп жазуучу-акындар менин турмуш-

шартыма түшүнүү менен мамиле кылышып, өзгөчө аяр карап, ар тараптан сүрөмөлөөгө алышты. Алардын арасында, албетте, Үсөнбек аба да болду. Ал киши токсонунчу жылдын башында К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин чакыруусу менен бул жакка которулуп келип, иштеп калды. Бир сапар ушул университеттин жыйындар залында акын-жазуучулардын студенттер менен болгон жолугушуу кечеси өткөрүлүп, ага мени да чакырышкан экен. Эртерээк барып, көрсөтүшкөн жеринен орун алдым. Аңгыча чакырылган меймандар киришети. Караколдо жашаган Зуура Сооронбаева эже, Эргешбай Узакбаев, Аман Саспаев агалар баштаган жазуучу-акындар экен. Алардын арасынан мага бейтааныш, узун бойлуу, жүзүнөн күлкү нуру сезилип турган бир адам шыдыр келип, менин жаныма олтурду. Бул жерде иштеген мугалимдердин биринен го деп ойлоп койдум. Кечени алып барып жаткан кыз ар бирибизди тааныштыра баштады. Кезек жанымдагы кишиге келди. Көрсө, бул киши мага көп жылдардан бери аты жакшы тааныш, бирок бет келип жолугуша элек Үсөнбек агай экен. Ал киши да менин атым аталганда жалт бир карап алып, колун сунду. Анткени мурдатан мен тууралуу жакшы кабардар экен.

Ошол күндөн тартып Үсөнбек агай менен тез-тез жолугуп турдум. Мени көп жаш кичүү экен, майып экен дебей, кадимки калемдешиндей мамиле кылат. Турмуш, адабият, китептер жагдайында өзүнүн бай тажрыйбаларынан бөлүшүп, кеп-кеңештерин айтат. Кээде тамашалаша да кетмейибиз бар. Негедир, башка жазуучу-акындарга батынып айта албаган тамаша, икаяларымды Үсөнбек агайга шыр айтам. Ал кытылдаган таза күлкүсү менен күлүп калат. Бул ортобуздагы жылуу мамилени андан ары бекемдөөчү каражат катары кызмат кылуу менен бирге, жогоруда эскерилген көкүрөктөгү тээ бала кезден келаткан боштукту толтурууга көмөктөшөт. Мен үчүн барынан маанилүүсү – ушул. Деги эле, мен жакшы адамдардан жолдуумун. Тагдырыма ушул жагдайда ыраазымын десем болот. Ошо адамдардан өзүмө керектүү көп сапаттарды – сабырдуулукту, токтоолукту, чыдамкайлыкты, туруктуулукту, адилет болууну – калпып алдым. Адамдар менен мамиле түзүү ыгын өздөштүрдүм. Жандүйнөмдөгү «вакуум» үчүн түгөнбөгөн руханий азык топтодум. Орус жазуучусу Максим Горький айткандай, булар менин «турмуштук мектебим» болуп калды. Албетте, андай адамдардын арасында Үсөнбек агайдын ээлеген орду өзгөчө десем жаңылбайм.

Адатта, күр-шар түшүп агып жаткан албуут дарыяны карап турган адам ага канча суу, канча булак кошулуп, күч-кубат берип жатканын элес албайт. Ал үчүн дарыянын учурдагы көрүнүшү маанилүү. Негизинен, адабиятта деле ушундай. Бир же эки булак дарыяны пайда кыла албаган сыңары, беш, же он китеп жалпы улуттун адабиятын түзө албайт. Дүйнөдө теңдеши жок Улуу «Манас» эпосу кыргыз руханий, көркөм дөөлөтүнүн туу чокусу катары улуттук адабияттын башатын түзүп турат. Буга талаш жок. Ошол башатка туш-туштан агылып кирип, кыргыз адабиятын байыткан, дүйнөлүк деңгээлге чейин жеткирген элибиздин чыгаан акын, жазуучу, драматургдарынын чыгармалары болуп саналат. Адабияттын зор дарыясына кошулган мөлтүр булак сыңары, Үсөнбек Асаналиев агайдын чыгармалары да өзүнчө орунга эгедер. Ал – биринчи кезекте кыргыз, филология, анын ичинде түркология илиминин өнүгүшүнө салмактуу салым кошкон илимпоз, окумуштуу. Илим тармагы аны студент кезинде эле кызыктырып, кийин айыл мектебинде мугалим болуп иштеп жүргөнүндө деле тынчтык бербеди. Илим ал үчүн өзүнчө бир ажайып,

сырдуу дүйнө сыяктанып, тымызын чакыра берди. Бирок ага баруучу жол бийиктей, кол жеткистей туюлуп турду. Оңдой берди болуп, 1959-жылы кыргыз Илимдер академиясында түркология сектору ачылып калат. «Жаштын тилегин берет» деген сөз төгүн жеринен айтылып калбаган го. Элеттик мугалим ошол эле жылы аталган секторго илимий кызматкер катары ишке кабыл алынат. Көптөн бери эңсеп жүргөн кыялы мына ушинтип жүзөгө ашып, илимдин татаал да, сыймыктуу да бийиктигине алып баруучу жолго кадам таштайт.

«Илим - ийне менен кудук казгандай» деп коюшат, чынында эле ошондой. Анткени илимде даяр, мурда салынып коюлган жол жок. Мында ар ким өз жолун, башкалардыкына окшобогон өз чыйырын салышы керек. Анткени илим деген – сырдуу дүйнөлөрдүн эшигин ача турган ачкыч. Аны табуу үчүн күн тынымды, түн уйкуну кечип эмгектенүү, тирмийип окуу керек. Бул тармак – чыдамкай, эрктүү адамдар гана баса турган жол. Үсөнбек агай мына ушул жолдо өзүн ишенимдүү кармап, өмүрүн илимге арноого бел байлайт. Байыркы түрк жазма эстеликтерин, анын тилин үйрөнүү, жарыялоо боюнча илимий изилдөө иштерине активдүү катышат. Бул багыттагы ата мекендик жана чет элдик булактарды көз майын корото аңтарат. Академиянын аталган секторунун илимий кызматкерлери К.Ашыралиев, Ч.Жумагулов, К.Сейдак-матовдор курамында болгон илимий экспедиция менен Тува, Алтай аймактарын, ошондой эле Кыргызстандын көптөгөн жерлерин кыдырып, байыркы түрк жазма эстеликтеринин тилин үйрөнүүгө катышат. Экспедиция жакшы ийгиликтер менен кайтат, кыдыруу учурунда ташка чегилген көптөгөн жаңы эстеликтерди табышат. Талас өрөөнүнөн табылган жазуу эстеликтери кыргыз тилинин тарыхындагы эң уникалдуу факты болуп саналат. Бул багыттагы илимий китепчелерди жарыялоого да өз салымын кошот.

1967-жылы Үсөнбек агай белгилүү окумуштуу-түрколог И.А.Батмановдун илимий жетекчилиги менен «Лобнор тилинин грамматикалык кыскача очерки» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, илим тармагына өзүнүн алгачкы бараандуу үлүшүн кошот. Адатта, баскан жолду арбытат эмеспи. Айрыкча, илимде токтоп калуу деген болбойт. Дайыма алдыга умтулууда, изденүүдө болот. Жетишкен ийгилигин андан ары улантып, кыргыз тилинин байыркы тарыхы менен байланышы бар лобнор тилинин элементтери камтылганын дыкаттык менен изилдеп, илимий жактан айныксыз далилдеп көрсөтөт. Бул ачылыш түркология илимин кыйла байыткан. СССР мамлекетинин кербени жүрүп, ити үрүп турган чакта «кыргыз элинде Октябрь революциясына чейин жазуу-сызуу болгон эмес» деген пикир үстөмдүк жүргүзгөн. Мунун туура эмес экендигин билип турушса да, кыргыздын айрым аттуу-баштуу эле адамдары «улуу агайындарга» кошомат кылып: «Ушул туура, улуу революцияга чейин биздин жазуубуз эмес, тамгабыз болгон эмес. Ошондуктан элибиз туташ сабатсыз болгон» - деп, өз ыймандарына балта чаап, жаактарын жаныган. Ү.Асаналиев өзүнүн «Орхон-Енисей жазуусуна машыгуу», «Талас-рун жазуу эстеликтери» деген баалуу эмгектеринде жогорудагы пикирге караманча каршы туруп, анын түп-тамырынан туура эмес экендигин, жазмабыздын башаты V кылымдан башталарын белгилеген. Байыркы түрк жазма эстеликтери, орто кылымдагы улуу бабаларыбыз Махмуд Кашгаринин, Жусуп Баласагындын көөнөргүс мурастары, ошондой эле өзгөчө кыргыз тилинин тазалыгы, «Манастай» алп эпосту камтыган бай тил экендиги жөнүндө жалындаган сезим менен көптөгөн илимий макалаларын жазган. Андагы прагматикалык көз караштары, ой-пикирлери окумуштуу-илимпоздордун

көпчүлүгүн дале суктантып келет.

Ардактуу профессор агайыбыз – кыргыз илимпоздорунун арасында өз салмагы, өз орду бар окумуштуу. Ал кыргыз тилинин орчундуу маселелери боюнча омоктуу ою бар эки жүздөн ашуун илимий баалуу эмгектерди, макалаларды жазган. Бүгүнкү күндө илимпоздун илимий эмгектерин филологдор, түркологдор, студенттер кеңири колдонушат.

«Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» дегендей, Үсөнбек агай окумуштуу-тилчи гана эмес. Ал илимдин – салмактуу жүгүн көтөрүп жүрүү менен катар, чыгармачылыктын башка багыты боюнча да ат салышып келаткан котормочу, белгилүү акын. Кезегинде ал «Ак сөз арыбайт», «Чыгыш элдеринин макал-лакаптары», «Орус эл жомоктору», «Беларус эл жомоктору», «Хакас эл жомоктору» аттуу китептерди которуп, окурман журтунун кызыгуусун, жылуу пикирлерин жараткан. Демек, котормо ишине да салмактуу салымын кошту. Бул багытта аз иштесе да, котормо жанрынын бир ыптасын көтөрө аларлык эмгек кылганын белгилеп кетүү абзел. Мындан тышкары, ал – кыргыз поэзиясында өз үнү, өз орду бар акын. Чарадай ойду сакадай сапка батырган, сөз наркын, сөз салмагын билген акын. Адам турмушунун, жашоосунун бүтүндөй бир көрүнүшүн болгону төрт сапка сыйдырып, ташка тамга баскандай, сезимге жеткире айтып коет. Мисалы:

Адамда бар арамдык да, адалдык,
Ак көңүлдүк, кара мүртөз жамандык.
Биз ушундай өтө татаал пендебиз,
Кудай жасап, как ушундай жаралдык,

Төрт саптардан турган «Ой - оомат», «Кеп - кербен», «Сап - санат», ошондой эле адам сүйүүсүнүн ыйыктыгын, мөлтүр булактай тазалыгын, назиктигин даңазалаган «Арзуу» аттуу көлөмдүү ырлар жыйнагы жарык көргөн. Сүйүү жөнүндө ыр жазбаган акын жок. Бирок ар бири бул темага болгон өз көз карашы, сезим оту, шык-жөндөмү, талант кудуретине жараша мамиле кылып, ошого жараша жазышат. Ал эми Үсөнбек агайдын махаббат ырларын окуп отуруп, чыныгы сүйгөн, махаббаттын ачуу-таттуусуна, жыргал-тозогуна малынган жүрөк аркылуу жазылганына аргасыз ынанасың. Адам жашоосунун, сезим дүйнөсүнүн ажайып керемети сүйүү сезими экенин даңазалайт. Бул сезимге чыккынчылык кылып, кир жугузууга болбой турганын баяндайт.

Сүйүү сезиминин эч качан эскирбей, түбөлүктүү жаш бойдон, таза бойдон жашай беришин астейдил самайт. Аны сезимтал жүрөктөн сызылта өткөрүп, талант кудуретинин жетишинче адамдарга жар салат. Сүйүү жалынына чалдыккан жандын бактылуу экенине ынандырат. «Арзуу» китебиндеги ырларды окуп чыккан сезимтал окурмандар сүйүү деген керемет сезим да кут сыяктуу экенин, ошондуктан ал көрүнгөн пендеге эле жолуга бербестигин, жүрөгү таза, дили тунук, жан-дүйнөсү зирек жандарга гана жарк этип, күтпөгөн жерден көрүнөрүн туят. Ошо бир жолуккан сүйүүнү каректей сактап, асырай билүүнүн өзү да чоң нерсе экенин сезимине тамчы сыңары тамызат. Ал эми жакында эле жарык көргөн «Ажыдаарлар алааматы» деп аталган поэтикалык жыйнагы окурмандардын көңүлүн бурбай койбойт. Анткени андагы поэтикалык чыгармалардын бардыгы акындын жан-дүйнө элегинен өтүп, учурда болуп жаткан саясый окуялар, коомдогу көңүлдү иренжиткен терс көрүнүштөр, эл тагдырына эмес, өз жаны, өз чөнтөгү үчүн чуркаган айрым ыймандан куру жалак калган эл башындагылар жөнүндө таасын да, таасирдүү да жазылган. «Жерден кеткен жарака акын жүрөгү аркылуу өтөт» деген сыңары, элдин кабыргасын кайыштырып, коомубуздун чыкыйына чыккан чыйкан болгон

айрым терс көрүнүштөрдү жаны сыздоо менен жазат. Колдон келсе андайлардан тез арада арылып, эли-журтубуздун жашоо деңгээлин жогорулатып, өлкөбүздү өнүккөн өлкөлөрдүн катарына теңөөгө ар бирибиз милдеттүү, келечек муундарыбыз үчүн чоң жоопкер экенибизди астейдил эскертет. Жыйнактагы ырлар кийинки жыйырма жыл аралыгындагы өлкөбүз башынан кечирген кайгылуу да, кырсыктуу да окуялар жөнүндө поэтикалык элпек тил, күтүүсүз табылган көркөм каражаттар аркылуу жүрөккө жетерлик деңгээлде жазылган.

Кыргыз адабиятында, деги эле дүйнөлүк адабиятта макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү жазган адамдын адабий аныктамасы жок. Ошондой эле бул багытта баш-оту менен көшөрө отуруп, жазгандар да жок. Ата-бабаларыбыздан калган макал-лакаптарды, айрым учкул сөздөрдү жыйнап, чыгаруу аракеттери адеп жыйырманчы, отузунчу жылдары болгон. Мунун алгачкы кадамдары катары Тоголок Молдо менен Ыбрайым Абдырахмановдун эмгектерин айтсак болот. Алтымынчы жылдардын аягынан, жетимишинчи жылдардын башынан тартып Үсөнбек агай тарабынан жазылган чакан макал-лакаптар, учкул сөздөр мезгилдүү басма сөз беттеринде пайда боло баштайт. Бул улуттук адабияттагы жаңы багыт эле. Жогоруда айткандай, бир аз кийинчерээк ушул багыт боюнча Ж.Султаналиев аттуу таланттуу жигит калем шилтей баштаганын билем. Тилекке каршы, ал кишинин өмүрү кыска экен, чыгармачылыгы эми гүлдөй баштаган маалда дүйнөдөн кайтып кетти. Анын бул багыттагы чыгармалары кийин өзүнчө жыйнак болуп чыкканын, же чыкпаганын аныктай албадым.

Макал-лакаптар, негизинен, элдик оозеки чыгармачылыктын, кыргыз фольклористикасынын бутагынан өсүп чыкканы анык. Эгерде макал-лакаптар менен учкул сөздөр өзүнчө адабий жанр катары санала турган болсо, анда, фольклористикалык эмес, жазма адабий жанр катары анын калыптануу башатында Үсөнбек Асаналиев агайыбыз турары бышык. Буга мисал катары анын «Сөз-сөөлөт» жана «Жакшы сөз – жан азыгы» аттуу көлөмдүү китептерин алсак болот. Себеп дегенде, бул эки китептин куну бийик. Биринчиден, буга чейин кыргыз жазуучуларынын бири да учкул, же накыл сөз жыйнагын (которгондорун эске албаганда) жазып чыгарган эмес. Экинчиден, макал-лакаптардын, учкул, накыл сөздөрдүн адабий жанр катары кыргыз адабиятынан туруктуу орун алып, калыптанышына кошкон орчундуу салым деп эсептөөгө негиз бар. Учкул сөздөрдү асыл ойлор деп алсак туура болот. Анткени учкул, накыл сөздөр өзү тулкусуна асыл, акындын өзү айткандай, «ооматтуу» ойлорду сиңирип турат. Асыл ойлордун наркы атан төө көтөргүс. Анткени турмуштук кубулуштарды бир нече сүйлөм менен таасын айтып койсо болот. Мисалы: «Каран калган заманда аман калган жан олжо», «Сооданын заманында сом тап, сом таппасаң жол тап», «Асманды караган жерден айрылат, бирок жерге кайрылат», «Жердин үстүн басмай бар, жерге кайра жатмай бар» ж.б. «Ойду ой, сөздү сөз жаратат. Кыйла ойлорду кыска берүү кыяматтан келатат. Эскинин жугу, жаңынын нугу менен ой толгоп, акыл калчап, кыргызга кыпындай болсо да кереги тийсе экен деген ниетте турмуштук байкоолорумдан туулган саптарды узак жылдар бою улап жазып, жарыялап келатам. Кай бирлери калк оозуна илинип, газеталарда пайдаланылып жүрөт. Миң сөздөн бир сөзүң элде калса ырысың», - дейт Үсөнбек агай. Ооматтуу ойлорду багып, сөздөн көөнөргүс сөөлөт жаратып, элине нарктуу карыялык накылын сунуп келаткан агабыздын арымы узакка арый берсин.